DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2020

*Нуркулова Н.М., Чолпонбаева С.*

# АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАР

*Нуркулова Н.М., Чолпонбаева С.*

# МЕЖДУНАРОДНЫЕ СТАНДАРТЫ В ОБЛАСТИ ПРАВ ЧЕЛОВЕКА

*N.M. Nurkulova, S. Cholponbaeva*

# INTERNATIONAL HUMAN RIGHTS STANDARDS

*УДК: 34.342.7*

*Бул илимий макалада адам укугу юридикалык түрдө эл аралык укуктун чегинде коргоого алынат, ага ылайык, мамлекет адам укугун сактоого жана аны бузбоого милдеттүү. Эгерде мамлекет менен коом жарандарга тынчтыкты жана тартипти, мыйзамдарда жана мыйзамдык актыларда бекитилген укуктарды, эркиндиктерди колдонууну камсыз кыла албаса, мыйзамга баш ийдирүүгө жетишүү мүмкүн эмес. Мамлекеттен жана коомдон өздөрүнүн укуктарын, кызыкчылыктарын, эркиндиктерин жана жеңилдиктерин колдонууга кепилдик ала албай, жарандар өздөрүн көбүнчө оор кесепеттерге кириптер кылчу жолго түшүп алышат. Көп учурда бул абалды калктын мыйзамдарды пайдалана албаганы жаратат, ушундан улам алар чындыктан абдан алыс турган божомолдорго, кенештерге ишеним беришет. Мыйзам менен башкарыла турган мамлекетти куруу адамзаттын эзелтен берки үмүт тилеги.*

***Негизги сөздөр:*** *укук, коргоо, ченем, көйгөй, экономикалык, социалдык, концепция, пакт, протокол.*

*В этой научной статье говорится, что права человека юридически защищены в рамках международного права, в соответствии с которым государство обязано соблюдать права человека и не нарушать их. Законопослушание не может быть достигнуто, если государство и общество не могут обеспечить гражданам мир и порядок, реализацию прав и свобод, закрепленных в законах и подзаконных актах. Не получая гарантий от государства и общества в использовании своих прав, интересов, свобод и льгот, граждане зачастую идут по пути, который может повлечь за собой тяжелые последствия. Зачастую это происходит из-за того, что население не может пользоваться законами, поэтому они доверяют советам, предположениям, которые очень далеки от истины. Создание государства, управляемого законом, является давней надеждой человечества.*

***Ключевые слова:*** *право, защита, норма, проблема, экономическая, социальная, концепция, пакт, протокол.*

*This scientific article states that human rights are legally protected within the framework of international law, according to which the State is obliged to respect human rights and not to violate them. Law-abiding can not be achieved if the state and society can not provide citizens with peace and order, the implementation of the rights and freedoms enshrined in laws and regulations. Without receiving guarantees from the state and society in the use of their rights, interests, freedoms and benefits, citizens often follow a path that can lead to serious consequences. Often this is due to the fact that the population can not use the laws, so they trust the advice, assumptions that are very far from the truth. The creation of a State governed by law is the long-standing hope of humanity.*

***Key words:*** *rights, protection, norm, problem, economic, social, concept, covenant, protocol.*

Адам укуктары – адамдын мамлекетке карата укуктук статусун, анын экономикалык, социалдык, саясий, маданий чөйрөлөрдөгү мүмкүнчүлүктөрүн жана каалоо-талаптарын мүнөздөөчү түшүнүк. Адам укуктары түшүнүгү буржуазиялык революциялар доорунда эле пайда болгон. Азыркы дүйнөдөгү басымдуу пикирлер боюнча адам укуктары табигый жана кайра алынбас мүнөзгө ээ [1, 21-б.]. Адам укуктарынын эркин жана натыйжалуу жүзөгө ашырылышы – жарандык коомдун жана укуктук мамлекеттин негизги белгилеринин бири. Жалпыга таанылган бөлүнүшкө ылайык адам укуктары жеке (эл аралык аталгы таанууда-жарандык укуктар), саясий, социалдык, экономикалык, маданий, экологиялык укуктар болуп айырмаланат. Адам укуктары бир катар негиздүү эл аралык документтер 1948-жылкы «Адам укуктарынын жалпы декларациясы» [2, 1-б.]. 1966-жылкы «Адам укуктары жөнүндө эл аралык пакт» ошондой эле мамлекеттердин конституциялары жана мыйзамдары менен бекемделген. Азыркы учурда эл аралык укукта адам укуктарына арналган тармак-эл аралык гуманитардык укук калыптанган [3, 4-б.].

Алгач жолу "адам укуктары" түшүнүгү 1789-ж. кабыл алынган француз тилиндеги "Адамдын жана атуулдун укуктарынын декларациясында" жолуккандыгына карабастан, тубаса укуктар идеясы узак жол басып өткөн жана маанилүү учурлары болуп, "Укуктар тууралуу" Англиялык Билл 1689-жылы саналган.

Үрөйдү учурган Экинчи дүйнөлүк согуш дүйнө лидерлерин адам укуктары ар бир мамлекеттин гана ички иши эмес, эл аралык мүнөзгө ээ экендигине ынандырды. Бул адам укуктары боюнча эл аралык

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



стандарттардын жаңы системасынын өнүгүшүнө алып келди.

Адам укуктарынын азыркы системасын бекемдеген баалуулуктар, батыш традицияларында эле эмес, андан мурда эле болуп, буддизмде, исламда, христиан жана башка маданияттарда жана диндерде көп убакыттар бою жашап келген. Саясий философтор XVIII кылымда эле укук концепцияларын, ал укуктар негизинен атуулдардын жарандык жана социалдык макамына негизделсе да, талкуулай башташкан.

1945-жылы Бириккен Улуттар Уюму уюшулду. Бул уюмду түзүүнүн бирден-бир максаты, жалпы адам укуктарын коргоо болгон. 1948-жылы БУУнун Башкы ассамблеясы Адам укуктарынын жалпы декларациясын(АУЖД) кабыл алды [4, 7-б.]. Бул дүйнө мамлекеттеринин ортосундагы бардык элдердин укуктары жана эркиндиктери жөнүндөгү көп тараптуу биринчи келишим болду. Ошол эле мезгилде АУЖД милдеттүү келишим болбосо да, анын жоболорунун көпчүлүгү «Кадимки эл аралык мыйзам» макамына ээ.

Бул убакыттын өтүшү менен өнүгүп келе жаткан эл аралык мыйзам. Ошондуктан, дүйнөдөгү ар бир өлкө кандай болгон күндө да мындай эрежелерди так кармануусу зарыл. АУЖДнын артынан адам укуктары боюнча башка макулдашуулар түзүлүп, анын негизинде аларга кол койгон мамлекеттерге моралдык гана эмес, юридикалык жоопкерчиликтер жүктөлгөн.

БУУнун эки конвенциясы – Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (АСУБЭП) жана Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык пакт (ЭСМУЭП) - АУЖДнын жоболорун өзгөчө (спецификалык) тилдерге которот, декларацияга кол койгон жана ратификациялаган мамлекеттерге юридикалык милдеттенмелерди жүктөйт. Эки пакт тең 1976-жылы күчүнө кирген. Жалпы декларация менен эки эл аралык пакт биригип Адам укуктары жөнүндөгү эл аралык билль деп таанылган [5, 11-б.]. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт аны ратификациялаган адам укуктарынын азыркы системасын бекемдеген баалуулуктар, батыш традицияларында эле эмес, андан мурда эле болуп, буддизмде, исламда, христиан жана башка маданияттарда жана диндерде көп убакыттар бою жашап келген.

Адам укуктары боюнча эл аралык стандарттар. Адам укуктарын чагылдырган, мамлекеттерден жарандык жана саясий укуктарды коргоо жана жайылтуу боюнча милдеттерди тез арада аткаруусун талап кылат. Ал эми экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт аны ратификациялаган мамлекеттерден өз милдеттерин кандайдыр бир убакыт аралыгында зарыл болгон каражаттын пайда болушу менен аткаруусун талап кылат.

АСУБЭП үчүн алгачкы кошумча протокол БУУнун Адам укуктары боюнча комитетине социалдык жана саясий укуктары бузулган адамдардын даттанууларын кароодо колдонулуучу механизмдерди берет. 2008-жылы БУУнун Башкы ассамблеясы ЭСМУЭП үчүн кошумча протокол кабыл алды. Ал протокол Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитетке даттанууларды кабыл алууга мүмкүндүк берет. АСУБЭП үчүн кабыл алынган, экинчи кошумча протокол өлүм жазасын жоюуга багытталган [6, 3-б.].

БУУнун адам укуктары боюнча Жогорку Комиссариатынын Башкармалыгы. Башкармалык адам укуктарына байланышкан иштерди жүргүзүү жоопкерчилигин алат. Адам укуктары боюнча жогорку комиссариаттын башкармалыгынын Бишкекте жайгашкан [7, 2-б.].

Борбордук Азия боюнча аймактык жетекчилиги жана Борбордук Азия мамлекеттеринин ар биринде өкүлчүлүктөрү бар. Адам укуктары боюнча кеңеш (мурда Адам укуктары боюнча комиссия деп аталып келген). 47 мамлекеттин өкүлдөрүнөн турган Кеңештин негизги максаты адам укуктары бузулган жагдайларды чечүү жана көрсөтмөлөрдү берүү болуп саналат. Кеңештин жолугушуусу жылына үч жолу болуп турат. 2006-жылы түзүлгөн Кеңеш жаңы ишти колго алып, БУУнун 192 мүчө өлкөсүнүн ар бирине көп жактуу мезгилдүү кыскача маалымат, адам укуктары тууралуу цифралуу маалымат төрт жылда бир чыгарыла баштады.

**Адабияттар:**

1. Энциклопедиялык окуу куралы. - Бишкек, 2004.
2. «Адам укуктарынын жалпы декларациясы». - 1948.
3. «Адам укуктары жөнүндө эл аралык пакт». - 1966.
4. БУУнун Башкы ассамблеясы Адам укуктарынын жалпы декларациясы. - 1948.
5. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт. - 1976.
6. Майыптар укуктары жөнүндөгү конвенция. - 2008.
7. Аялдарга карата бардык дискриминациянын түрлөрүн жок кылуу жөнүндөгү конвенция. - 1981.